**БЕКИТИЛДИ**
**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин I чакырылышынын IX сессиясындагы 2025-жылдын 10-октябрындагы №53 токтому**

**2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.**
**Абды Суеркулов айыл аймагы**

| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Абды Суеркулов айыл аймагы Жалал-Абад облусунун түндүк тарабындагы Токтогул районунда айыл жергенсинде жайгашкан. Аймак чыгыштан Үч-Терек айыл аймагы менен (эгер айыл аймагы менен эмес, башка район менен болсо – анда районду көрсөтүү керек), батыштан Токтогул шаарынын,Кара-Тектир айылы менен чектешет. Айылдык аймактын борбору – Торкен айылы. Облустук борбордон алыстыгы 310км. Борбордон алыстыгы 300км. Айыл аймагы 1997- ж. уюштурулган. 2024-жылы 20-мартта аймактарды ирилештирүүнүн негизинде ,Абды Суеркулов жана Бел-Алды айыл аймактары биригип, Абды Суеркулов айыл аймагы түзүлдү. |
| Жалпы аянты (Га) | 94468 га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, деңиз деңгээлинен 1400 метр бийиктикте жайгашкан. Кескин континенттик климат айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Кыш мезгили 3(үч) айга созулат жана катуу кар менен коштолот, минималдуу төмөнкү температура -10 °C жетиши мүмкүн. Жай мезгилинде температура +36 °C чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура +36 °C, кышында -10°C |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:14172, анын ичинен аялдар 6982<br>анын ичинде (айылдарда): | Торкен-6128<br>Көтөрмө-1721<br>Кара-Жыгач-3191 |

| | |
|---|---|
| | Бел-Алды-1423<br>Сары-Сөгөт-2594<br>Коргон-868 |
| Торкен айылы (АА борбору) | |
| с. ____________ | |
| с. ______________ | |
| СЭӨПнын максаты | Абды Суеркулов айыл аймагынын 2025-2027жж бардык тараптарын жана калкынын жашоо шартын жакшыртуу, анын ичинде азыр жашап жаткан жана келечек муундардын экономикалык, социалдык жана экологиялык, бакубаттуулугу. Социалдык объектилерди талапка жараша жанылоо,анын ичинен билим берүү, спорт, маданият, саламатыкты сактоо тармактарын өнүктүрүү. Заманбап технологиялаштыруу, санариптештирүү, калкты тейлөөнү жакшыртуу. Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу,таштанды, ички жолдорду жакшыртуу, жарыктандыруу, ирригация тармагын өнүктүрүү, , айыл чарбасы, анын ичинде эко продукцияларды , кылкандуу дан эгиндеринин сапатын жогорулатуу.Мумкунчулугу чектелген калкка ынгайлуу шарттарды түзүп берүү.<br>Абды Суеркулов ААнын экономикасы мал чарбачылыгына, өсүмдүк өстүрүүгө, тоо кен байлыктарын кайра иштетүүгө жана бал продукциясын өнүктүрүүгө , инновациялык ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто бизнес ачылган, жеке ишкерлер экологиялык жактан таза айыл чарба өндүрүшүн өнүктүргөн, тазаа аймак.<br>ААнын калкы таза суу жана байланыш менен камсыздалып, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоо, санитария, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Ички жолдор, көпүрөлөр калыбына келтирилип, көчөлөргө түнкү жарыктар орнотулат. |

**2-БӨЛҮМ. КАЛК**

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлген.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 15039 | 14744 | 14455 | 14172 | 14314 | *14457* | *14601* |
| *Өсүш темпи %* | 0% | -2% | -2% | -2% | 1% | 1% | 1% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| анын ичинде аялдар | *7445* | *7340* | *7243* | *7075* | *7141* | *7143* | *7152* |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 9210 | 8925 | 8545 | 8250 | 8332 | 8415 | 8499 |
| *Өсүш темпи (%)* | *0%* | *-4%* | *-5%* | *-4%* | *1%* | *1%* | *1%* |
| анын ичинде аялдар | *3485* | *3415* | *3260* | *3150* | *3181* | *3213* | *3245* |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 5043 | 5042 | 5042 | 5065 | 5115 | 5166 | 5217 |
| Айыл чарба | 3856 | 3856 | 3856 | 3894 | 3933 | 3972 | 4012 |
| Өнөр жай | 65 | 65 | 66 | 69 | 72 | 72 | 73 |
| *Иштетүүчү* | - | - | - | 15 | *15* | 15 | 15 |
| *Электр энергиясы* | *10* | 10 | *10* | *10* | *10* | 10 | 10 |
| *Курулуш* | 85 | 89 | 91 | 92 | 94 | 96 | 100 |
| *Соода* | 65 | 68 | 70 | 74 | 79 | 82 | 83 |
| *Транспорт жана байланыш* | 62 | 65 | 70 | 75 | 80 | 84 | 85 |
| *Башка кызматтар* | - | - | - | - | - | - | - |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | - | - | - | - | - | - | - |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 229 | 226 | 225 | 223 | 220 | 218 | 216 |
| *Өсүш темпи* | 0% | -2% | -1% | -1% | -2% | -1% | -1% |
| анын ичинде аялдар | | | | | | | |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 572 | 572 | *570* | *565* | *562* | *560* | 557 |
| *Өсүш темпи* | *0%* | *0%* | *-0,4%* | *-1%* | *-0,5%* | *-0,5%* | *-0,5%* |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 180 | 172 | 171 | 167 | 163 | 158 | 156 |
| *Өсүш темпи (%)* | 0% | -5% | -1% | -3% | -2,5% | -3% | -2% |
| | | | | | | | |

| **2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо** | |
|---|---|

2021-жылы ААнын **жалпы калкы 15039 адамды** түздү , анын ичинен **7594эркектер** , аялдардын саны **7445 киши** . Жылына төрөлгөндөрдүн саны 325 баланы түздү. 2022-жылы санариптик каттоо башталгандыктан жарандардын Калктын өсүшүнүн болжолу жылына калктын өсүшүнүн **1%** ашпайт . Божомолдоодо орто мөөнөттүү келечекте ички жана тышкы миграциянын өсүшү күтүлбөй тургандыгы, ошондой эле калктын сырттан агылып келиши эске алынган. Болжолдонгон калктын саны калктын табигый өсүшү жана азайышы менен жөнгө салынат (1-диаграмманы караңыз)




| **3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА** | |
|---|---|

| **3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура** | | | |
|---|---|---|---|
| **Категория** | *факт* | *күтүлг* | *прогноз* |

| | | | | *өн.* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 0 | 0 | 40 | 40 | 65 | *70* | *75* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 0 | 0 | 0 | 0 | 30 | *50* | *70* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 0 | 0 | 0 | 0 | 6,7% | *6,7%* | |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 20 | 25 | 30 | 35 | 40 | *45* | *50* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 20 | 27 | 27 | 50 | 70 | *80* | *100* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 40 | 50 | 52 | 66 | 72 | *90* | *100* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 30 | 30 | 30 | 40 | | | |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | *100* | *100* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | | | | | | | |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | *250 кв.м* | *250кв.м* | *250кв.м* | *250кв.м* | *250кв.м* | *250кв.м* | *250кв.м* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө** | | | | | | | |
| - Айыл аймагы боюнча 6 айыл бар, анын ичинен Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарына ичүүчү таза суу долбоору киргизилген. Торкен айылына союз мезгилинде курулган | | | | | | | |

калган суу түтүктөрү менен бүгүнкү күндө суу келет. Бул дагы айылдын болжолдуу 30 % ичүүчү суу менен камсыздайт , 50 % айылдын эли булактардан өз каражаттары менен тартып алышкан, 10 % “Ассафа” коомдук уюму аркылуу камсыздалган. Сары-Сөгөт, Ал эми калган 3 айылда калктын өз кол күчү менен келген суу келет. Бул талаптарга жооп бербейт. Тоодон түшкөн булактан тартылып, керектүү материалдарын Гуд Нейборс уюму жана калк өзу каржыланган. Аймак боюнча таза суу маселеси болуп келет. Торкен айылынан 2197 кожолуктун

6 айылдан турган Абды Суеркулов АА жалпы ички жолдорунун узундугу болжолдуу 60км түзөт. Анын ичинде ССР учурунан бери 8км эле жолго тратуары менен асфальт төшөлгөн. Бүгүнкү күндө бул жолдор жараксыз абалда. Биздин айыл өкмөт дотациядагы айыл өкмөт болгондуктан, ички жолдорду асфальттоо зарыл маселе болгондугуна карабай , бюджеттин тартыштгынан улам акча каражаты каралбай келет.

Мындан улам айыл аймакта бир нече тоскоолдук жана көйгөйлөр жаралууда:

-жаан-чачын, калын жааган кардан кийин көчөлөр баткак, ылай

-жол жүрүү эрежелери толугу менен сакталбай, адамдардын ден-соолугуна, өмүрүнө коркунуч алып келүүдө.

-жолдордон чыккан чан айыл калкынын ден-соолугуна терс таасирин тийгизет

-мамлекеттик муниципалдык ,жеке менчик автоунаа-техникалар мөөнөтүнөн мурда бузулууда. Мындан улам коомдук транспорт да уюшулбай калууда. Бул көйгөй жалпы калктын финансылык-экономикалык абалына зыян келтирүүдө.

Көйгөйлөрдү чечүү үчүн:

-жол эрежелеринин белгилерин орнотуу

-кум-шагыл төшөө, тегиздөө

-2025жылга Торкен айылынын Дүйшөбай көчөсүнүн 4 км асфальттоо проектиси каралып, Жалал-Абад облусундагы Токтогул районунун жана Кара-көл шаарынын Жазы-Кечүү айылынын атайын эсебинин каражаттарын башкаруу дирекциясы тарабынан каржылоо каралууда.

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| Ички жолдордун абалын калыбына келтирүү, асфальт төшөө | Торкен айылындагы борбордук Дүйшөбай көчөсүн 1500 м асфальт төшөө. | 2026-2027-жылдар ички жолдордун абалы жакшырат, инфраструктураны жана экономиканы өнүктүрүүгө шарт түзүлөт |
| Торкен айылынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу | Жаңы скважина жана таза суу системасын куруу, суу системасын | 2025-2027-жылдарга Борбордук суу түтүктөрү жана жаңы филиалдар салынат, ичүүчү таза суу менен |

| | | |
|---|---|---|
| | ондоо | камсыз болгон калктын саны болжолдуу 65 % га чейин өсөт |
| Торкен, Көтөрмө, Кара-Жыгач айылдарында көчөлөргө таштанды салуучу челектерди орнотуу, таштандыны кайра иштетүүчү кичиишкана ачуу | Көчөлөргө таштанды салуучу 100 даана челек сатып алуу, таштандыны кайра иштетүүчү кичи ишкана ачуу | Айыл аймагы таштандылардан тазаланат<br>2025-2027-жылдар |
| Мектептердин жылуулук системасын куруу | Торкен айылында Т.Ашыралиев мектебинин жылуулук системасын жанылоо жана алтернативдик жылуулук системасын куруу<br>Сары-Сөгөт айылындагы Ы.Алымбеков мектебинин жылуулук системасын куруу | Мектептин бардык бөлмөлөрү жылуулук системасы менен камсыз болунат, окуучулардын билим алуусу үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт |
| Торкен, Сары-Сөгөт айылдарында көчөлөрдү жарыктандыруу | Торкен айылында 2 км, Сары-Сөгөт айылында 1 км көчөлөрдү жарыктандыруу | Айыл аймагын жарыктандыруу менен калкка жагымдуу шарт түзүлөт<br>2025-2027-жылдар |
| Торкен айылында Ош-Бишкек жолунун боюна рекламалык щит орнотуу | Торкен айылында рекламалык 2 даана щит орнотуу | Жарнамалык щиттер курулса ар кандай жаныликтар жарнамаланат<br>2025-2026-жылдар |
| Ош-Бишкек жолунун боюна видео байкоо орнотуу | Торкен айылына 5 даана видео байкоо орнотуу | Жарандардын коопсуздугу сакталат<br>2025-2027-жылдар |
| Торкен айылында ГСВнын капиталдык ремонту | ГСВнын чатырын алмаштыруу, ички сырткы шыбактарын жанылоо, жылуулук системаларын жанылоо, заманбап керектүү жабдыктарды сатып алуу | Калктын ден соолугун жакшыртууга жагымдуу шарттар түзүлөт<br>2026-2027-ж |
| Айыл аймагында электр мамычаларын, трансформатор, электр | Торкен, Көтөрмө айылдарында 300 даана электр мамычаларын, | Торкен, Көтөрмө айылдарында 70 % электрлештирүү жакшырат<br>2026-2027-ж |

| | | |
|---|---|---|
| чубалгыларын жанылоо | 30миң метр электр чубалгыларын жанылоо | |
| Мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү | Көтөрмө айылында 75 орундуу, Сары-Сөгөт айылында 75 орундуу бала бакча куруу | Бала бакчага кабыл алуу үчүн кезекте турган балдардын саны кыскарат, балдарды мектепке чейинки билим берүү кызматтары менен камтуу 2027-жылга чейин 60 %га чейин өсөт |
| Көтөрмө айылдык клубун капиталдык ондоодон өткөрүү | 200 орундуу клубду капиталдык ондоодон өткөрүү | Айыл тургундарына маданий иш-чараларды өткөрүүгө ыңгайлуу шарттар түзүлөт |
| Айыл аймагында эс алуу паркын куруу | Торкен, Көтөрмө жана Сары-Сөгөт айылдарында заманбап эс алуу парктарын куруу | Айыл тургундары үчүн эс алууга жагымдуу шарттар түзүлөт |
| Сары-Сөгөт айылында көпүрө салуу | Узуну 4 м, туурасы 2 м мал өтүүчү көпүрө куруу<br>Сары-Сөгөт айылында «Алмабак» жолуна жөө адамдар өтүүчү көпүрө салуу | 1. Көпүрө курулса малды жайлоого айдоодо сууга агып кетүү кырсыктары жоюлат<br>2. Айыл тургундарынын карым-катнашы жакшырат |
| Сугат каналдарын кеңейтип казуу, бетондоо | Торкен айылындагы Бос-Тектир каналын 1 км, Кичи-Арык каналын 1 км, Чон-Арык каналын 1 км бетондоо<br>Сары-Сөгөт айылындагы 500 м сугат каналын бетондоо<br>Көтөрмө айылына караштуу "Кемпир-Өлдү" каналын турмушка ашыруу | Сугат каналдары жалпысы 3500 м бетондолот, дыйкандардын мол түшүм алуусу жакшырат, "Кемпир-Өлдү" каналы турмушка ашырылса 1000 га айдоо аянты сугат суу менен камсыздалат |
| Сары-Сөгөт айылында спорт комплексин куруу | Күрөш менен машыгуучу зал куруу, керектүү жабдыктар менен камсыздоо | Жаштардын спортко болгон кызыгуусу артат, кылмыштуулук азаят |
| Кара-Жыгач айылында | 4500 м аралыктагы | Калктын ичүүчү таза сууга болгон |

| | | |
|---|---|---|
| ичүүчү таза сууну кенейтүү | бетон заводунан тартып келүү | керектөөсү 90 % камсыз болунат |
| Кара-Жыгач айылында сугат суу тарттырып келүү | Камбар-Ата ГЭС-2 плотинасынын үстүнөн сугат суу үчүн насостук агрегат орнотуу | Калктын сугат сууга болгон керектөөсү 80% жоюлат |

**3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү**

| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) |
|---|---|---|---|
| Ички жолдордун абалын калыбына келтирүү, асфальт төшөө | Торкен айылынын 1500 м асфальт төшөө иштерин жүргүзүү | 2026-2027-ж | 15 000,0 |
| Торкен айылынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу | Жаңы скважина жана таза суу системасын куруу, суу проводу | 2026-2027-ж | 120 000,0 |
| Мектептердин жылуулук системасын куруу | Торкен айылында Т.Ашыралиев мектебинин жылуулук системасын жанылоо жана алтернативдик жылуулук системасын куруу<br>Сары-Сөгөт айылындагы Ы.Алымбеков мектебинин жылуулук системасын куруу | 2026-2027-ж | 15 000,0 |
| Көчөлөрдү жарыктандыруу | Торкен айылында 2 км, Сары-Сөгөт айылында 1 км көчөлөрдү жарыктандыруу | 2025-2027-ж | 200,0 |
| Айыл аймагында электр мамычаларын, электр чубалгыларын жанылоо | Торкен, Көтөрмө айылдарында 300 даана электр мамычаларын, 30миң метр электр чубалгыларын жанылоо | 2026-2027-жылдар | 1 000,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Көтөрмө айылдык клубун капиталдык ондоодон өткөрүү | 200 орундуу клубду капиталдык ондоодон өткөрүү | 2025-2027-ж | 500,0 |
| Айыл аймагында эс алуу паркын куруу | Торкен, Көтөрмө жана Сары-Сөгөт айылдарында заманбап эс алуу парктарын куруу | 2025-2027-ж | 1 000,0 |
| Сугат каналдарын кеңейтип казуу, бетондоо | Торкен айылындагы Бос-Тектир каналын 1 км, Кичи-Арык каналын 1 км, Чон-Арык каналын 1 км бетондоо<br>Сары-Сөгөт айылындагы 500 м сугат каналын бетондоо<br>Көтөрмө айылына караштуу "Кемпир-Өлдү" каналын турмушка ашыруу | 2025-2027-ж | 200 000,0 |
| Сугат суу каналдарын кенейтип казуу жумуштарына HENGWANG HW-80L эксковаторун сатып алуу | Торкен, Кара-Жыгач, Көтөрмө, Бел-Алды, Сары-Сөгөт, Коргон айылдарындагы сугат суу каналдарын кенейтип казуу | 2025-2027-ж | 3 142 550 |
| А.Суеркулов айыл өмөтүнүн мунципалдык иш канасына SINOTRUK HOWO ZZ5193ZYS 4714Y үлгүсүндөгү мусор ташуучу атайын техникасын сатып алуу | Айыл өкмөтүнө караштуу Торкен, Кара-Жыгач, Көтөрмө, Бел-Алды, Сары-Сөгөт, Коргон айылдарындагы таштандылар чыгарылат жана калкты тейлоо кызматы жакшырат. | 2025-2027-ж | 4 720 000 |
| БАРДЫГЫ | | | 8 215 250 |
| | | | |

## 4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

**4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү** (миң сом)

| Категория | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | | | | | | | |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | | | | | | | |
| Айыл чарба | 396222,0 | 408476,4 | 421109,7 | 433742,9 | 446755,1 | 455690,2 | 469360,9 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 218204,1 | 224952,7 | 231910,0 | 238867,3 | 246033,3 | 253414,3 | 261016,7 |
| Мал чарбачылыгы | 178017,9 | 183523,0 | 189199,7 | 194875,6 | 198773,1 | 202748,5 | 206803,5 |
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай кызматтары | 15292,9 | 15765,8 | 16253,5 | 16271,1 | 16596,5 | 16928,4 | 17267,0 |
| Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү | 15292,9 | 15765,8 | 16253,5 | 16271,1 | 16433,8 | 16598,1 | 16764,1 |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | 2500,0 | 3800,0 | 4500,0 | 4500,0 | 4500,0 | 4800,0 | 5000,0 |
| **Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук** | 49185,6 | 50706,9 | 52275,2 | 53892,0 | 54405,2 | 55508,7 | 57174,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү**: | | | | | | | |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 49185,6 | 50706,9 | 52275,2 | 53892,0 | 54405,2 | 55508,7 | 57174,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын иши | - | - | - | - | - | - | - |
| Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо | - | - | - | - | --- | - | - |
| Маалымат жана байланыш | - | - | - | - | - | - | - |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | - | - | - | - | - | - | - |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | - | - | - | - | - | - | - |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | - | - | - | - | - | - | - |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | - | - | - | - | - | - | - |
| Билим берүү | - | - | - | 109000,0 | | | |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | - | 8000,0 | - | - | 2200,0 | - | - |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | - | - | - | 37000,0 | 1500,0 | 1500,0 | 1500,0 |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү: | - | - | - | - | - | - | - |
| Түз инвестициялар: | 5700,0 | 8800,0 | 7300,0 | 14450,0 | | | |
| Айыл чарба | 3400,0 | 1500,0 | 800,0 | 6000,0 | | | |
| Өнөр жай | 1500,0 | 2150,0 | 2300,0 | 4480,0 | | | |
| Курулуш | - | - | - | - | | | |
| Соода | 800,0 | 2150,0 | 1170,0 | 2800,0 | 2856,0 | 2913 ,0 | 2971,3 |
| Транспорт жана байланыш | 15840,0 | 16156,8 | 16158,8 | 16481,1 | 16811,6 | 16811,6 | 17147,8 |
| Башка кызматтар | - | - | - | - | - | - | - |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктын кирешеси: | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Орточо номиналдык эмгек акы | 15,6 | 22,5 | 33,9 | 29,7 | 30,2 | 30,8 | 31,1 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | 30000,0 | 31000,0 | 31000,0 | 34000,0 | | | |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 6,2 | 6,2 | 7,0 | 7,0 | 7,2 | 7,3 | 7,4 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү | 20,2 | 25,0 | 28,0 | 30,1 | 32,0 | 35,0 | 38,0 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

**4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо**

Айыл аймактын экономикасынын басымдуу бөлүгүн айыл чарба тармагы түзөт ( **85%** ) , мында мал чарбасы менен алетенген фермерлер жеке чарбаларын өнүктүрүп келет. алда канча алдыда турат – жалпы айыл чарба продукциясынын **74%** мал чарбачылыгы түзөт**.** Айыл чарба продукциясынын өсүү темпи жылдын жылга көбөйүүдө**,**2021-жылга салыштырмалуу бир топ жогору, малдын башы кобөйгөн. Учурда фермерлер сандан сапатка өтүү максатында сүт жана эт багытындагы , асыл тукум малдын башын көбөйтүүдө. 2021-жылдан 2024-жылга чейин малдын башы 11**%** чейин өсүү темпи көтөрүлгөн**.** . Мал чарбачылыгын колдоо үчүн мындан ары фермерлерди окутуу программаларын колдоо, айыл чарбасында айыл чарба кооперативдерин түзүүгө дем берүү, жаш фермерлерге жардам көрсөтүү, калктын аярлуу катмарынын өкүлдөрүн мал чарбачылык көндүмдөрүн үйрөтүү пландаштырылууда . Ошондой эле алардын продуктуулугун жогорулатуу максатында жергиликтуу жана жаны породадагы койлорду асылдандыруунун жана багуунун эффективдуу методдорун ишке киргизуу боюнча чараларды ишке ашыруу белгиленген. Малды ветеринардык көзөмөлгө алуу жана эмдөө иштерин жакшыртуу боюнча чаралар каралат, ошондой эле саан уйларды багуу жана багуу технологиясы боюнча окуу-тарбия иштери жүргүзүлөт. Мындай иш-чараларга жаштардын, аялдардын жана калктын аялуу катмарынын өкүлдөрүнүн катышуусуна өзгөчө көңүл бурулат .

Ал эми айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өстүрүүдө дыйкандар ар тараптуу иштерди жүргүзүүдө. Агро эрежелерин жакшы өздөштүрүү менен сапаттуу органикалык өсүмдүктөрдү өстүрүүдө. Учурда кирешелүү , пайда бат берүүчү бахча, мөмө жемиштердин аянтарын кеңейтүү максаты алды да турат.

- АА бал продукциясын өнүктүрүүгө климаттык шарт туура келет.
  Аймакта орто эсеп менен жылына 42000 тонна бал өндүрүлөт. Аны сатууда ички базарларга гана чыгаруу мүмкүнчүлүктөр бар. Сыртка экспортоодо көптөгөн көйгөйлөр жаралууда.
- Балык чарбаын өнүктүү үчүн климаттык шарт туура келет

Абды Суеркулов АА 6 балык чарбасы бар. Ал чарбаларда кубулжума жилингир(радужная

форель) өстүрүлөт. Жалпысынан бул чарбаларда жылына 90тоннага чейин балык өстүрүлөт. Өстүрүлгөн балыкты 15% тондурулуп, республиканын аймактарына экспорттолот калган 85% менен жергиликтүү калкты камсыздайт. Абды Суеркулов АА балык чарбасын өркүндөтүүгө , АА географиялык тараптан табигый ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Бирок, балык чарбаларын көбөйтүүдө төмөндөгүдөй тоскоолдуктар бар:

- Балыкты багуудагы атайын жемдин Кыргызстандын аймагында өндүрүлбөгөндүгүнө байланыштуу, сырттан алдырууга кымбатка туруудa.
- Сыртка экспорттоого уруксат кагаздарын алуу тоскоолдугу.
- Сыртка экспортко чыгарууга балыктын көлөмү жетишсиз.
- Балыктын көлөмүн көбөйтүүгө акча каражатынын жетишсиздиги.
- Өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдетилген кредиттердин аз өлчөмдө бөлүнүшү ;
- Балыкты сатуу боюнча туруктуу соода түйүндөрүнүн жоктугу;
- Кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу. (Тондурма Цехтер)
- Балык чарбаларынын мамлекеттик реестрде катталбагандыгы.
- Балык өстүрүүдө маалымат, билимдин жетишсиздиги.
- .

**Ошол эле учурда айыл чарбасын өнүктүрүүдө бир катар көйгөйлөр бар:**

- Дыйкандардын жер иштетүү боюнча тажрыйбасы аз ;
- Айыл чарба техникасынын жетишсиздиги;
- Айрым айылдарда сугат суунун тартыштыгы
- Өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдетилген кредиттердин начар болушу;
- Күйүүчү майдын баасынын туруксуздугу;
- Айыл чарба продукциясын сатуу боюнча туруктуу соода түйүндөрүнүн жоктугу;
- Туруксуз тамак-аш менен камсыз кылуу;
- Айыл чарба продукциясын экспорттоого шарттын жоктугу;
- Кайра иштетүүчү ишканалардын жетишсиздиги.

АА **айыл чарба өсүмдүктөрүн мындан ары өнүктүрүү үчүн жакшы өбөлгөлөр бар** . Буга көп жылдык чөптөрдүн жетиштүү жыштыгы бар аймактагы талаалар көмөктөшөт. Маданий чөптөрдүн ичинен эспарцет жана бир жылдык чөптөр арпа, буудай басымдуулук кылат. ААнын климаттык шарттарында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бардык түрлөрү өстүрүүгө болот. Ошондой эле бул жерде тоют даярдоо боюнча үзгүлтүксүз окуу иш-чаралары өткөрүлүп, фермер аялдарга жана калктын аялуу катмарына үрөн менен камсыздоодо колдоо көрсөтүлөт. Кылкандуу дан эгиндеринин сапаттуу, биринчи репродуктивдүү үрөндөрүн өстүрүү үчүн дыйкандар менен жергиликтүү бийлик тыгыз иш алып барып турат.


- жакынкы жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, чөптүн үрөнүн себүү;
- ирригациялык системаны өркүндөтүү, анын ичинде Сары-Сөгөт айылында Жаңы – Арык каналын ишке берүү, Көтөрмө айылындагы Кемпир өлдү каналын баштоо үчүн ирригациялык каналдардын картасын түзүү жана анын көйгөйлүү жерлерин аныктоо;
- Суу пайдалануучулар ассоциациясынын жардамы менен сугат сууларынын пайдаланылышына жана адилет бөлүштүрүлүшүнө көзөмөл жакшырат, ондоо иштери өз убагында жүргүзүлөт; бардык жашоочулар муктаждыктарына жараша сугат суусуна ээ болушу үчүн схема түзүлөт; суу алуу системасы бирден жөнгө салынат; айылдын ички ирригациялык тутумунун картасы түзүлүп, көйгөйлүү аймактар аныкталат.

**Экономиканын башка тармактары:**

Бүгүнкү күндө ААда 52 дүкөн, 2 пескоблок, 2 туз карьер, 2 вулканизация, 1 тигүү цехи, 1 бетон стойка чыгаруучу цех, 6 балык чарбасы бар.

Калктын кеңири катмарына, анын ичинде аялдарга, жаштарга жана аялуу топтордун өкүлдөрүнө ишкердиктин негиздерин үйрөнүүгө көмөктөшүү, анын ичинде туризм тармагында; ишкер аялдарды окутуу жана финансылык сабаттуулук боюнча айыл тургундарынын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча жеке иш-чаралар;

– айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү өнүктүрүүгө жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;




| 4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар). | | | |
|---|---|---|---|
| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) |
| Балыкты туура өстүрүү боюнча маалымат бөлүшүүнү, жайылтууну уюштуруу | Айыл өкмөтү, Айыл чарба министрлигинин ветеринардык кызматынын адистеринин келүүсүн уюштурат, алар айыл аймагынын балык чарбаларынын ээлери үчүн консультацияларды | 2026-жылга чейин балык чарба тармагында актуалдуу маалыматтардын жеткиликтүүлүгү | 150.0 с |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана практикалык сабактарды өткөрүшөт. Балык чарбаларынын ээлери алган билим маалыматтарын жайылтышат | | |
| Бал продукдукциясын экспортоого көмөк корсөтүү | Айыл өкмөтү, айыл чарба министрлиги тарабынан атайын адистер уюштурат. | 2027-жылга бал продукциясынын көлөмүн 20% көбөйөт | Жеке ишкерлер 800,0с |
| Айыл чарба малынын асыл тукумдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү | Фермерлердин асыл тукумдуулугун жогорулатуу үчүн эт жана сут багытындагы малды багууга басым жасоо. | 2027-жылга чейин асыл тукум малдын саны **15%** көбөйөт | 1,000,0 жеке ишкерлер |
| Дыйкандарды сапаттуу үрөн менен камсыздоого көмөктөшүү | Дыйкандарды сапаттуу үрөн менен менен камсыз кылуу | Өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу | 800,0 |
| Эгин себүү жана жыйноо мезгилинде дыйкандарды арзан күйүүчү жана майлоочу майлар менен камсыздоого мамлекет тарабынан жардам берүүгө көмөктөшүү | Айдап себууну жана тушумду жыйноону тез убагында аяктоо | Айдоо жана тушумду жыйноо иштери оз убагында аяктайт | |
| БАРДЫГЫ жергиликтүү бюджеттин каражаттары | | | |
| БАРДЫГЫ биргелешкен катышуу каражаттары | | | |
| БАРДЫГЫ тике инвестициялар | | | |
| | | | |
| **4.4. Экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга болгон муктаждыктарга анализ жүргүзүү** | | | |
| **Инвестициялык** | **Мүмкүн болгон** | **Күтүлгөн натыйжа** | **Бааланган** |


| **артыкчылыктар** | **долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **жана мөөнөттөр** | **наркы** (миң сом) |
|---|---|---|---|
| | | | |
| БАРДЫГЫ бюджеттик инвестициялар | | | |

## 5-БӨЛҮМ. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ

**5.1. (таблица) Инклюзивдүү өнүгүү** (адам)

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 г.** | **2022 г.** | **2023 г.** | **2024 г.** | **2025 г.** | **2026 г.** | **2027 г.** |
| Иштей ала турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (адам) | 250 | 255 | 262 | 270 | 270 | *272* | *272* |
| Иштей албаган оор майыптыгы бар адамдар (адам) | 15 | 15 | 16 | 16 | 16 | *16* | *17* |
| Өтө жакыр адамдар (адам) | *580* | *578* | *570* | *565* | *540* | *527* | *515* |
| Турмуштук оор кырдаалдагы балдар (адам) | *400* | *404* | *401* | *398* | *395* | *390* | *380* |
| Турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөр (бир.) | 4 | 4 | 5 | 5 | 4 | 4 | 3 |
| Алыскы калктуу конуштардын калкы (адам) | 5120 | 5085 | 5065 | 4385 | 4396 | 4430 | 4551 |
| Эмгек мигранттарынын жашы 18ге жете элек балдары (адам) | 224 | 213 | 205 | 191 | 188 | 183 | 179 |
| Этникалык азчылыктар (адам) | - | - | - | - | - | - | - |
| Аялдар (адам) | 7045 | 7240 | *7143* | *6982* | *7051* | *7121* | 7192 |
| Аялдар (калктын жалпы санынан% ) | 43 | 45 | *45* | *49* | *49* | *49* | 49 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Улгайган (жалгыз) (адам) | 24 | 24 | 24 | 24 | 24 | 23 | 23 |
| Калктын жалпы санындагы калктын аялуу топторунун бардык категорияларынын (аялдардан тышкары) жалпы үлүшү (%) | 9,2 | 10 | 9,5 | 8,2 | 10,0 | 9,7 | 9,5 |
| Гендердик зомбулук учурлары (бир.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 00 | 0 |
| Кризистик борборлордун болушу (бир.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |




**5.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү**

*Бугунку кундо Абды Суеркулов айыл аймагында Абды аярлуу топтордогу адамдардын саны 1464 бул, жалпы калктын санынан 8,9% тузот.*

*Алардын ичинен:*

- Иштей ала турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (адам) -270
- Иштей албаган оор майыптыгы бар адамдар -16
- Өтө жакыр адамдар -565
- Турмуштук оор кырдаалдагы балдар -18 тоголок жетим балдарды
- Эмгек мигранттарынын жашы 18ге жете элек балдары -191
- Улгайган (жалгыз) -24

- Иштей ала турган ден соолугунун мумкунчулугу чектелген адамдар кобунчо айыл чарба жумуштары менен алек болушат. Жер иштетип оз кирешелерин кобойтууго аракет кылышат. Учурда ар кандай женилдетилген кредиттерди алууга мумкунчулуктор бар. Мисалык Айыл

банк тарабынан жана Гуд Нейборс уюму тарабынан женилдетилген насыяларды алууга мумкунчулуктор бар.

- Иштей албаган мумкунчулугу чектелген адамдар учун айыл окмот, демоорчулор, жеке ишкерлер, дин окулдору жана эл аралык уюмдар байма бай материалдык жана акчалай жардамдам берип турушат.

- Ото жакыр адамдар учун дагы жогоруда белгиленген жардамдар корсотулуп турат.

- Турмуштук оор кырдаалдагы балдарды айыл окмоту ар тараптан колдоп корсотуп келет. Мамлекет тарабынан жолок пулдар толонот. Айыл окмоту тарабынан эки балага турак жай куруу учун жер тилкесин болунуп берилди. Айыл окмотунун кызматкерлерине бирден бала бекитилип берилип , атайын счетторуна 2000 сомдон жылы которуу иштери жургузулудо.

- Улгайган жалгыз бой адамдарга социалдык кызматкерлер бекитилип берилген. Өз учурунда жардамдар корсотулуп жатат. Кышка даярдыкка 300 кг комур жана кургак отундар жеткирилип берилип келет. Жергеликтуу бюджеттин эсебинен турак уйлорун ремонтоого, короо иштерин жургузууго акча каражаты болунуп турат. Мындан тышкары ден соолугуна кам коруу учун медициналык кароодон откорулуп турат.

**<u>Корутундулар жана сунуштар</u>** :

Аярлуу топтор калктын жалпы санында өтө чоң үлүшүн түзбөйт, бирок ошого карабастан, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрилиги тарабынан даректүү материалдык жардамдан тышкары, калктын аялуу катмарынын өкүлдөрүн иш менен камсыз кылуу боюнча бир катар чараларды көрөт. Аларды кол өнөрчүлүккө жана айыл чарба өндүрүшүнө тартуу. Бул маселелерде акционердик коом бизнестин жана коммерциялык эмес уюмдардын жардамына таянат. Айрым долбоорлор буга чейин макулдашылган жана СЭӨП негизинде ишке ашырылат.

**5.3. Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| Билим берүүнү жана жумуш менен камсыз кылууну жакшыртууга колдоо көрсөтүү . | БУУДАТП Азык-түлүк программасы аркылуу калктын аялуу катмарын окутууну уюштуруу, мисалы: тигүүчүлүк, багбанчылык, кайра иштетүү( сок чыгаруу) | Жакыр үй-бүлөлөрдөн жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды окутуп, андан кийин жумушка алуу боюнча келишим түзүү 2025-жылга чейин жакыр үй-бүлөлөрдөн 65 жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 12 адамды убактылуу ишке орноштурууга мүмкүндүк берет. |
| Кошумча киреше алуу үчүн үй кожойкелерин ишке орноштуруу | Аз камсыз жана калктын аялуу катмарындагы аялдарды иш менен | Жакыр үй-бүлөлөрдөн жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар өз алдынча ишкердик менен |

| | | |
|---|---|---|
| Мисалы: УБК( үй бүлөгө көмөк) алуучуларды. Жалгыз бой энелерди жана ДМЧ жарандарды бизнес планды түзүү боюнча окууларды уюштуруу ишкердикти баштоого колдоо көрсөтүү. | камсыз кылуу боюнча колдоо көрсөтүү.( аренда акыларын азайтуу ж.б) Социалдык контрактын негизинде ишкердикти баштоого шарттарды түзүү | алектенип, кошумча таап, жумуш ордулары камсыз болот. |
| Жакырчылыкты азайтуу үчүн калктын аялуу топторунун арасында өсүмдүк өстүрүү( КУЛПУНАЙ. МАЛИНА . КАРАГАТ), үй канаттууларын багуу ( индюк, өрдөк, каз, эт багытындагы тооктор) боюнча ар кандай тажрыйбаларды жайылтуу | Жаңы ыкмалар менен өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча тажрыйба алмашуу аркылуу киреше булактарын кеңейтүү | Киреше булактары көбөйөт. Өндүргөн продукцияларды сатып, пайда табуу ( мөмөлөрүн сатуу, көчөттөрдү чыгарып сатуу , жумуртка, балапан эт ж.б) ж.б |

**6-БӨЛҮМ. МЕЙКИНДИК**

**6.1. (таблица) Мейкиндик**

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Аймактын жалпы аянты (га) | 94468 | 94468 | 94468 | 94468 | 94468 | | |
| **Жер категориялары (га):** | | | | | | | |
| Айыл чарба жерлери (бардыгы): | 70083 | 70083 | 70083 | 70083 | 69939 | *69939* | *69939* |
| анын ичинде айдоо аянттары | 3672 | 3672 | 3672 | 3672 | 3525 | *3525* | *3525* |
| сугарылбаган | 2126 | 2126 | 2126 | 2126 | 1979 | *1979* | *1979* |
| сугат айдоо жерлер | 1546 | 1546 | 1546 | 1546 | 1546 | *1546* | *2586* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жайыттар | 62489 | 62489 | 62489 | 62489 | 62489 | *62489* | *61449* |
| анын ичинде жеке | - | - | - | - | - | - | - |
| АЖМФ: | 672 | 672 | 672 | 672 | 672 | *672* | *672* |
| Иш жүзүндө колдонулган | 672 | 672 | 672 | 672 | 672 | *672* | *672* |
| Колдонулбаган (баланс) | | | | | | | |
| Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер (бардыгы) | 14,4 | 14,4 | 14,4 | 14,4 | 14,4 | *14,4* | *14,4* |
| Иш жүзүндө колдонулган | | | | | | | |
| Колдонулбаган (баланс) | | | | | | | |
| Калктуу конуштун жерлери (бардыгы) | 929 | 929 | 929 | 929 | 929 | *929* | *929* |
| анын ичинде турак жай курулушу | | | | | | | |
| Иш жүзүндө колдонулган | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Колдонулбаган (баланс) | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын (ӨКЖА) жерлери | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Токой фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Суу фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Запастагы жерлер | - | - | - | - | - | - | *жок* |
| Иш жүзүндө колдонулган | - | - | - | - | - | - | - |
| Колдонулбаган (баланс) | - | - | - | - | - | - | - |
| Аймактын айыл чарба жерлеринин жалпы аянтындагы иш жүзүндө пайдаланылуучу айыл чарба жерлеринин үлүшү | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| (%) | | | | | | | |
| Инженердик инфраструктура менен камсыздалган турак жай куруу үчүн арналган жер участокторунун аянтынын үлүшү (%) | - | - | - | - | - | - | - |
| Инженердик инфраструктура менен камсыз кылынган өндүрүштү жайгаштыруу үчүн арналган жер участокторунун аянтынын үлүшү (%) | - | - | - | - | - | - | -- |
| Категория боюнча пайдаланылбаган же кошумча жерлерди пайдалануу зарылдыгынын прогнозу (га): | | | | 144 | 144 | 144 | 144 |
| Айыл чарба жерлери | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жерлери жана башка багыттагы жерлер (бардыгы) | - | - | - | 14,4 | 14,4 | 14,4 | 14,4 |
| Калктуу конуштун жерлери (турак жай курулушу) | - | - | - | 144 | 144 | 144 | 144 |
| Токой фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | - |
| Суу фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | - |

**6.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү**

Абды Суеркулов айыл аймагынын жалпы аянты 94468 га.

- Анын ичинен айыл чарба жерлени 7083га түзөт. Кишен-Талаа участкасынан 46 га , Торкен айлынан 98га (жалпы144 га), кайрак айдоо аянтынын трансформациялоо иш кагаздары даярдалып, комиссиянын кароосуна сунушталган.

- Айыл өкмөтү боюнча өнөр жай жана транспорт байланыш , коргоо категориясына ( промзона) 14,4 га жер тилкеси трансформацияланып, бүгүнкү күндө ишкерлерге берүүгө даяр.

- айыл аймак боюнча 6 айыл жайгашкан. 1993-жылкы эски ген пландары бар, учурда ген пландарды жаныртуу талап кылынат.

- Көтөрмө айылындагы Кемпир-Өлдү каналын куруу үчүн иш-кагаздары (АПУ,ИТУ, ПСД, Трансформация) даярдалып жатат. Бул каналдын курулушу бүткөрүлсө жайыт жеринен 1040га жер аянты суу баскан айдоо жерге айланат.
- Айыл аймагы боюнча чакан ГЭС куруу географиялык мүмкүнчүлүк берет.
- Жерге пайдалануу жана куруу эрежелерин иштеп чыгуу. Азыркы учурда айыл өкмөтү боюнча 2000ден ашуун жарандын үй курууга муктаждыгы келип чыгууда. Дээрлик 30 жылдан бери эч бир жаранга жаңыдан жер участок берилген эмес, жогорудагы трансформация маселеси чечилсе ГЕН ПЛАН дын негизинде 500 жарандын арызы канаатандырылмак.

**6.3. Мейкиндик планынын элементтери**

| **Мейкиндик планын өзгөртүүдөгү чаралар же ниеттер:** | **Күтүлгөн жыйынтыктар:** |
|---|---|
| А.Суеркулов айыл өкмөтү боюнча жалпы 144 га жер тилкеси калктуу конуштардын аянтын кеңейтүү жана калктын дээрлик 30 жылдан бери турак үй курууга жер тилкелери жок болгондуктан жана алардын арыздарын чечүү максатында жер тилкелери трансформацияга даярдалып тийиштүү органдарга жөнөтүлгөн | Бул трансформация маселеси чечилсе дээрлик 500 дөн ашуун жаран турак жай салуучу жер менен камсыз болушмак |
| Жаңы социалдык обьектилерди куруу үчүн жер бөлүп берүү | Калктын муктаждыктары үчүн бекер жерди пайдалануу |
| Жеке ишкерлерге жер маселеси боюнча жардам | Жергиликтүү бийлик жеке ишкерлер менен тыгыз кызматташууга шарт түзөт |

**7-БӨЛҮМ. АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ**

**7.1. (таблица) Айлана-чөйрө**

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |

| | | | ж. | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаратылышты коргоо зоналарынын, ӨКЖА, микрокоруктардын аянты (га) | - | - | - | - | - | - | - |
| Токойлор ээлеген аймак, анын ичинде жайылма токойлор (га) | 17 | 17 | 17 | 17 | 17 | 17 | 17 |
| Токойлорду калыбына келтирүү (га) | - | - | - | - | - | - | - |
| Деградацияланган жайыттардын аянты (га) | 14 | 14 | 14 | 10 | - | - | - |
| Малдын жайытка болгон жүгү (1 айда 1 гектарга шарттуу малдын башынын саны) | 3 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Деградацияланган жайыттардын жалпы жайыт аянтына карата үлүшү (%) | 35% | 35% | 30% | 25% | 20% | 18% | 15% |
| Деградацияга дуушар болгон айыл чарба жерлеринин аянты (га) | 18600 | 18600 | 18440 | 18240 | 17800 | 17450 | 17150 |
| Деградацияланган жайыттардын жалпы аянтына карата калыбына келтирилген жайыттардын үлүшү (%) | 0 | 0 | 5% | 10% | 15% | 17% | 20% |
| Энергияны үнөмдөө. Кожолуктардын жылытуу үлүшү (%): | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | *100%* | *100%* |
| борбордук жылытуу | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |
| электр энергиясы | 35% | 36% | 39% | 45% | 50% | *50%* | *50%* |
| газ | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |
| меш жылытуу | 65% | 64% | 61% | 55% | 50% | *50%* | *50%* |
| башка орнотуулар | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |
| башка кайра жаңылануучу булактар же энергияны үнөмдөөчү орнотуулар (мисалы, көпкө күйүүчү мештер ж.б.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| КТК полигондорунун саны (даана) | 0 | 0 | 0 | 1 | 1 | *1* | *1* |
| КТКны кайра иштетүү боюнча ишканалар же коңшу аймактардагы мындай ишканалар менен макулдашуу (бир.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |
| Санкцияланбаган полигондордун саны (бир.) | 6 | 6 | 6 | 6 | 0 | *0* | *0* |
| Кен казып алуу тармагынын объекттери (бир.) | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | *2* | *3* |
| Экологиялык тобокелдиги жогору кен казып алуу тармагынын объекттери (даана) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | *0* | *0* |
| Тазалоочу курулмалар аркылуу өткөн саркынды суулар (%) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | | | | | | |

**7.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү**

Экологиялык маселелерде бир нече көйгөйлөр бар:

-таштандылар сорттолбойт жана өрттөлбөйт. Таштандыларды өрттөөгө тыюу салынгандыктан шамал болсо ар кайсы жака чачырайт;

-таштанды төгүүчү аймак туура эмес жерге жайгашылып калган жана тез арада көчүрүү зарыл;

-таштанды чогултуучу муниципалдык ишканасы толук кандуу иш алып бара элек, техника жетишсиз;

-айыл тургундары тиричилик жана ичүүчү керектөөлөр үчүн суу менен жер астындагы скважиналардан берүү жолу менен камсыздалат жана айыл аймагында канализация жок болгондуктан, тиричилик саркынды суулары жерге (септик) кирип, ичүүчү суулардын булгануу коркунучун жаратат;

Абды Суеркулов айыл аймагынын алдында «Торкен-Тазалык» муниципалдык ишканасы 2024-жылы түзүлдү. Ишканага караштуу 2018-жылдары АРИС уюму тарабынан берилген 2 ХОВО, 2 Погрузчик техникалары бар. Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдары Ош-Бишкек автожолунун боюнда жайгашкандыктан таштанды маселеси эн көйгөйлүү маселе. Себеби жолдон өткөн машиналар жолго туш келди таштандыларды ташташат. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жаздан баштап кыш келип, кар жааганга чейин ишемби сайын Ош-Бишкек жолуна ишембилик өткөрүп таштандыларды тазалашат. «Торкен-Тазалык» муниципалдык ишканасынын алдында таштанды салуучу, жүктөөчү техникалар болбогондуктан толук кандуу иш алып бара элек.

**Корутундулар жана сунуштар**:

Айыл аймагында кооптуу же тоо-кен өндүрүшү жок, жаратылыш парктары жок, ошондуктан негизги экологиялык маселелер катуу тиричилик калдыктарын башкарууга байланыштуу. Полигондордун абалы жана таштандыларды ташып чыгаруу жана көмүү үчүн зарыл болгон жайлардын жоктугу, жергиликтүү бюджеттин тартыштыгынан муниципалдык ишканага техника сатып бере албагандыгы. Жакынкы келечекте ААнын экологиялык абалына өтө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Кырдаалды жакшыртуу үчүн катуу таштанды калдыктары (КТК) полигонду рекультивациялоо, таштандыларды ташып чыгарууну уюштуруу боюнча иш-чаралар, ошондой эле долбоор толукталганда жогорудан келген маалыматты пайдалануу боюнча чоң долбоор каралган.

**7.3. Экология маселелери**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
|---|---|---|
| Катуу калдыктар полигонунун абалын жакшыртуу | Торкен айылындагы таштанды таштоочу жайды короолоо | 2025-2027-жылдар |
| Таштандылардан айлана-чөйрөнүн булганышын алдын алуу | Таштанды ташууга атайын техника сатып алуу, таштандыга челектерди орнотуу | 2025-2027-жылдар<br>2027-жылдар |
| | Таштандыларды кайра иштетүүчү жабдууларды сатып алуу | |